**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Диссертациялык кеңеш Д 07.18.578**

**Кол жазма укугунда**

**УДК: 9:947.1(575.2)02:390(575.2)**

**САДЫРОВА ЗАМИРА ТЕНТИЕВНА**

# VI-XII кк. ТЕҢИР – ТОО АЙМАГЫНДА ЖАШАГАН ЭЛДЕРДИН ӨЗ АРА АЛАКАЛАРЫ

**Адистиги: 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

**БИШКЕК-2019**

**Диссертациялык иш Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин тарых жана чөлкөм таануу факультетинин Жалпы тарых кафедрасында аткарылды**.

**Илимий жетекчиси:** тарых илимдеринин доктору, профессор
**Осмонов Өскөн Джусупбекович**

**Расмий опоненттер: Кененсариев Ташманбет**
тарых илимдеринин доктору, профессор

**Кожобеков Муратбек Чалакеевич**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент

**Жетектөөчө мекеме:** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Бегимаалы Жамгырчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун "Кыргызстандын байыркы мезгилден XIX к. соңуна чейинки тарыхы" бөлүмү
Дареги: 720001, Бишкек шаары. Чүй проспектиси, 265

Диссертация 2019-ж. 29 мартында саат 15:30. 720026, Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51 а дареги боюнча И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д 07.18.578 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот.

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.
Дареги: 720026, Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51а

Автореферат 2019-ж. "____" _______ жөнөтүлдү.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, т.и.д.** **Карыева А.К.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Адамзат коомунун өнүгүшүнүн учурдагы динамикалуу дүйнөлөшүү (*globalization*) шартында өлкөлүк, улуттук, чөлкөмдүк жана бүткүл дүйнөлүк саясий-экономикалык, социалдык, руханий жүрүмдөргө тыгыз байланышкан эки түрдүү тенденциянын өнүгүшү байкалууда.

*Биринчиден*, дүйнөлөшүү шартында ар бир мамлекеттин түпкү калктары өз улуттук өзгөчөлүгүн сактап калууга аракеттенип, түпкү тарыхый тамырын издеп, кайсы бир мезгилде унутта калган маданий баалуулуктарын калыбына келтирүү, өз мурасын көздүн карегиндей сактоо менен тарыхый-маданий мурастарды болочок муундарга жигердүү өткөрүүгө байланышкан комплекстүү аракеттерди жүзөгө ашырышууда.

*Экинчиден*, ошол эле учурда ар бир өлкөнүн калктары кошуна жана алыскы мамлекеттердеги элдер менен ар кандай саясий-маданий, экономикалык байланыштарды чыңдап, улуттук обочолонууга караганда дүйнөлөшүү жүрүмдөрүнө өз улуттук кызыкчылыгын көздөй тутуу менен натыйжалуу аралашууга умтулууда.

Көз карандысыз жана көп этностуу Кыргызстан – эч бир этносту обочодо калтырбаган азыркы дүйнөлүк жүрүмдөрдүн шартында улуттук өздүгүн (иденттүүлүгүн) аныктоо жана сактоо нугунда бараткандыгы эч талашсыз. Мындай шартта тарыхый түпкү тамырга кайрылуу аракети учурдагы жана келечектеги Кыргыз мамлекетинин руханий пайдубалын чыңдап, саясий туруктуулугун жана атуулдук ынтымагын камсыз кылмакчы.

VI–XII кк. Теңир-Тоодогу этностук топтордун өз ара алакаларынын улам жаңы баскычта өнүгүүсүн жана бул чөлкөмдүн калктарынын саясий, социалдык-экономикалык жана руханий турмушуна этностор аралык мамилелердин тийгизген таасирин изилдөө – азыркы кыргыз таануу илимий тармактарынын өзгөчө актуалдуу (ургаалдуу) маселеси.

Борбордук Азия чөлкөмүндө VI–XII кк. байырлаган элдердин этностук, маданий жана тарыхый өнүгүүсүн изилдөө өтө татаал, талаш-тартыштуу көйгөйлөрдү иликтөөнү камтыйт. Бул доордо Борбордук жана Ички Азиянын (Түштүк Сибирь, Моңголия, Батыш Кытай, Тибет, Чыгыш Теңир-Тоо, пост-советтик Борбордук Азия, Түндүк Ооганстан) кеңири аймактарындагы этностук жана маданий кырдаал улам өзгөрүп, түрк тилдүү ж.б. калктардын этностук жалпылыгынын түзүлүшүнүн улам жаңы баскычтары калыптанган. Бул тарыхый доор Байыркы Түрк каганаттарынын (Улуу Түрк кагандыгы, Батыш жана Чыгыш Түрк кагандыктары, Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгы, Түргөш кагандыгы, Карлук жабгулугу ж. б.), Енисей Кыргыз каганаты, Орхондогу Уйгур каганаты, мусулмандык Карахандар каганаты сыяктуу мамлекеттер өкүм сүргөн мезгилдерге туура келет. Андан кийин кара кытайлардын (кидандардын батышка оогон бөлүгүнүн) Батыш Ляо мамлекетинин негизделиши жана наймандардын бүгүнкү Моңголия, Алтай

аркылуу Борбордук Азиянын батышына карай жылышы Теңир-Тоо чөлкөмүндө да олуттуу этностук-маданий өзгөрүүлөргө алып келген.

Ошондуктан, Кыргызстандын эрте орто кылымдардагы тарыхын жана маданиятын изилдөөдө VI–XII кк. этностук-маданий тарыхтын өнүгүү баскычтарын кайрадан калыбына келтирүү жана жергиликтүү түрк тилдүү калктардын – согду (иран), тибет, кытай ж. б. чет тилдерде сүйлөгөн этностордун өкүлдөрү менен өз ара алакаларын иликтөө – азыркы кыргыз таануу илиминин актуалдуу маселелерине кирет.

**Диссертациянын темасы ири илимий багыттар, программалар жана негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышпайт. Аталган диссертациялык иш кыргыз таануудагы тарыхый өңүттө изилденген демилгелүү тема болуп саналат.**

**Диссертациялык иштин максаты** VI–XII кк. Теңир-Тоодо жашаган ар кыл этностордон куралган калктардын ортосундагы өз ара алакалардын деңгээлин, аталган доордогу этностук жүрүмдөрдүн баскычтарын, анын ичинде аймактагы түрк-согду жуурулушуусунун орто кылымдардагы этностук-маданий өнүгүүлөргө тийгизген таасирин атайын иликтөө.

Жогоруда коюлган максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлат:

• түрк каганаттары доорундагы жана эрте орто кылымдардагы этностук-маданий байланыштардын эволюциясын иликтөө;

• орто кылымдардагы көчмөн жана отурукташкан түрк этносторунун иран тектүү ж.б. элдер менен болгон тарыхый, этностук, маданий байланыштарын айкындоо;

• VI–XII кк. түрк тилдүү элдердин этностук-маданий алакаларынын тарыхый булактарда, илимий эмгектерде чагылдырылышын изилдөө;

• цивилизациялар жана маданияттар аралык байланыштардын өнүгүшүнө Улуу Жибек жолунун тийгизген таасирин иликтөө;

• «түрк-согду синтезиндеги» тилдердин, маданияттардын арасындагы өз ара алакалардын өнүгүшүнө аныктоочу маалыматтарды берүү;

• Борбордук Азия, Жети-Суу, Чыгыш Теңир-Тоо, азыркы Кыргызстан жана ага чектеш аймактардагы этностук кырдаалдардын эволюциясын жана улам жаңы кырдаалга ылайык калыптануусун изилдөө;

• иран тектүү элдердин жана шаар маданиятынын өкүлдөрү болгон түрктөрдүн көчмөн түрк калктарына тийгизген таасирин изилдөө;

• Улуу Кыргыз каганаты ыдырагандан кийинки кыргыздардын ар кыл топторунун журт которууларына байланыштуу жазма жана археологиялык маалыматтарга сереп салуу.

**Изилдөөнүн жаңычылдыгы:** Тарых илиминде кабыл алынган байыркы түрк жана соңку моңгол дооруна чейинки Борбордук Азия жана Теңир-Тоо, ага чектеш аймактардагы этномаданий процесстер, этностук байланыштар, орто кылымдардагы түрк, иран ж. б. тектүү элдердин этносаясий жана этномаданий байланыштары изилденип, аларга тарыхый баа берилди; VI–XII кк. байыркы түрк доорунан моңгол жапырыгына чейинки түрк тектүү жана иран тилдүү

калктардын, этномаданий байланыштары боюнча маалымат берген соңку илимий адабияттарга тарыхнаамалык талдоо жүргүзүүнүн натыйжасында аталган алакалардын жаңы алкагы жана өнүтү белгиленди; Борбор Азия, Теңир-Тоо жана ага чектешкен аймактардагы этникалык кырдаал жана анын эволюциясы тарыхый, археологиялык булактардын жана соңку илимий маалыматтардын негизинде изилденди; көчмөн калктардын жашоосундагы Улуу Жибек жолунун, шаар маданиятынын тийгизген таасири аныкталды.

**Изилдөөнүн илимий практикалык мааниси:** Кыргызстандын тарыхына жаңы көз караштa караган комплекстүү илимий-изилдөө иштерин пландаштырууда, илимий иш чараларды уюштурууда жана андагы маалыматтарды жогорку жана атайын орто окуу жайларында үчүн окуу китептерин жана окуу куралдарын даярдоодо пайдаланса болот.

**Коргоого сунушталуучу негизги жоболор:**

1. Кыргызстандын орто кылымдардагы этностук тарыхын жана этномаданий байланыштарын калыбына келтирүүдө жазма булактардагы маалыматтардын (кытай, согду, түрк) олуттуу мааниси бар;
2. Түрк тилдүү калктар, анын ичинде Теңир-Тоо аймагын байырлаган орто кылымдардагы уруулар Борбордук Азия мейкинидигинде болуп өткөн этносаясий жана этномаданий процесстердин түздөн-түз катышуучулары болушкан;
3. Теңир-Тоо жана ага чектешкен Борбордук Азиянын аймактарындагы этностук жана этномаданий процесстерди чагылдырган кеңири масштабдагы тарыхый булактардын, тарыхый-географиялык жана булактанучулук изилдөөлөрдүн бар экендигине карабастан, жергебиздеги VI–XII кк. болуп өткөн тарыхый-этникалык жана этномаданий алакалар дагы терең изилдөөгө муктаж;
4. Илимде түрк-согду синтези катары кабыл алынган түшүнүк, иш жүзүндө орто кылымдардагы көчмөн жана отурукташкан калктардын өз ара тарыхый, саясий, чарбалык-экономикалык, демографиялык жана этномаданий алакаларын чагылдырат;
5. Кыргызстанды орто кылымдарда байырлаган согду, түрк, моңгол тектүү ж.б. калктар Улуу Жибек жолундагы саясий, чарбалык-экономикалык, соода-маданий байланыштардын өнүгүшүнө өз салымдарын кошушкан жана ал процесстердин катышуучуларынан болушкан;
6. Борбордук Азиядагы согдиялыктардын шаар маданияты, көчмөн жана жарым көчмөн калктардын жашоо-турмушуна, чарбалык маданиятына белгилүү деңгээлде таасир тийгизген;
7. Ал кезегинде Теңир-Тоо жана ага чектеш аймактардагы көчмөн жана отрукташкан маданияттардын өз ара жуурулушуусуна, этникалык кырдаалдын өзгөрүшүнө жана жаңы үлгүдөгү мамлекеттик түзүлүштөрдүн пайда болушуна алып келген;

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Диссертациялык иште VI–XII кк. ири Теңир-Тоо аймагын байырлаган түрк тилдүү этностордун жана түрктөшө баштаган калктардын этностук жүрүмдөрү, алардын ортосундагы өз ара

алакаларынын тарыхы ошол доордун жазма булактарына, археологиялык материалдарына таянуу менен изилденген жана бул тематика боюнча этностук, маданий жана саясий тарыхты иликтеген окумуштуулардын жаңы илимий тыянактарына анализ жасалды. Орто кылымдардагы түрк тилдүү көчмөн жана жарым көчмөн уруулардын отурукташкан турмушка багыт алышындагы согду маданиятынын таасири о.э. Улуу Жибек жолунун жана шаар маданиятынын изилденип жаткан чөлкөмдүн маданиятынын өнүгүшүнө тийгизген таасири тууралуу жаңы ойлор сунушталды. Алсак, акыркы жылдардагы археологиялык казуулардын натыйжасында шаар урандыларынан табылган ар кандай эстеликтер аталган алкалардын далили катары белгиленет.

**Изилдөөнүн апробацияланышы.** Диссертациялык иштин негизги мазмууну жана илимий тыянактары эл аралык симпозиумдарда, илимий конференциялардагы жана жыйындардагы баяндамаларда жана докладдарда билдирилип, бир катар жыйнактарга жарыяланган (Бишкек, Алматы (Казахстан), Усть-Каменогорск (Казахстан) , Уфа (Россия), Барнаул (Россия), Переяслав-Хмельницкий (Украина).

**Изилдөөнүн натыйжаларынын жарык көрүшү.** Илимий иштин негиздери макалалар катары Кыргыз Республикасынын ЖАКы сунуш кылган атайын илимий жыйнактарда, чет элдик илимий басылмаларда жарыкка чыкты. Бардыгы 26 илимий макала жарык көрүп, анын алтоосу чет элдик басылмаларда жарыяланган.

**Диссертациялык иштин структурасы**: Диссертациялык иш мазмундан, киришүүдөн, төрт баптан, корутундудан, булактардын, адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат.

## ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Кириш сөздө** теманын изилденишинин актуалдуулугу, иштин демилгелүү багыты, диссертациянын максаты, милдеттери, анын жаңычылдыгы, изилдөөнүн илимий практикалык мааниси, коргоого сунушталуучу негизги жоболор, изилдөөчүнүн жеке салымы, апробацияланышы, изилдөөнүн натыйжаларынын жарык көрүшү, структуралык бөлүнүшү сыяктуу маселелер ачылып берилди.

**“Теңир-Тоо калкынын өз ара алакаларынын тарыхнаамасы”** деген 1 бапта **VI – XII кк. Теңир-Тоо калктарынын өз ара алакаларынын тарыхнаамасы** талданды.

Алгач ушул мезгилдеги изилдөөлөрдүн хронологиялык ирээтине ылайык, Борбордук Азияны орто кылымдарда байырлаган элдердин тарыхына байланышкан ар кандай көлөмдөгү илимий эмгектерди талдаганга аракет жасадык.

Борбордук Азия жана аймакта жашаган элдер, алардын өз ара алакалары жөнүндөгү батыш окумуштууларынын алгачкы илимий эмгектеринин пайда болушу биринчиден, европалык чыгыштаануу багытынын өнүгүшү менен, экинчиден, францис кечилдери Плано Карпини жана Гильом Рубруктун ошондой эле венециялык соода-көпөсү Полонун Чыгыш өлкөлөрүнө болгон

саякаттарынын натыйжасында Европанын белгилүү чыгыш таануучуларынын көңүлү бул аймактарга бөлүнгөнгөнү менен байланышкан.

Талаа элдери алардын тарыхы, маданияты жөнүндө кенен маалыматты бергенге аракет кылган батыш чыгыш таануучулары: Гербелот, Ж.Дегинь, Гобиль, К. Виделу, Абель Ремюза, Ю. Клапрот, С. Жульен, Е. Паркер, Э. Шаванн, А. Масперо, П. Пелльо, Г. Кордье, Г. Рамстедт, А. Грюнведель, В.Шотт, Ф.Вюстенфельд, М.де Гуе, К.Торнберг, К.Броккельман, Э.Шаванн, Й.Маркварт, П.Пелио, А.Стейн, В.Томсен, Г.Рамстедт, О.Прицак, К.Э.Босворт, К.А.Виттфогель, Г. Вамбери, Ф.Розенталь, К.Маттео ж. б. Аталган изилдөөчүлөр орто кылымдардагы түрктөрдүн жана башка түрк тилдүү калктардын тарыхын изилдөөгө зор салымдарын кошушкан.

Ал эми М.Ф.Кепрюлю-заде, Ф.Сюмер, И.Кафесоглу, Ришат Генч, Фен Цзя–Шен, Лю Маоцай, Абэ Такео, Ханеда Тору өңдөнгөн түрк, кытай, япон окумуштуулары байыркы түрк коомунун тарыхый, социалдык, саясий тарыхына, маданий алакаларына баа берүүгө аракет жасашкан.

Ал эми соңку мезгилде чет өлкөлүк изилдөөчүлөрдүн (Венгриянын, Германиянын, Кытай ж.б.) тюркология багытында жасаган иштерин (Л.Лигети, А.Рона-Таш, К.Цегледи, А.Байтур, Ху Чженьхуа, Ван Чжилай, Цинь Вэйсин ж.б.) белгилеп кетүү зарыл.

XVIII к. ортосунан баштап орус империясынын чыгыш таануу багытында Борбордук Азияны байырлаган түрктөр жана түрк тилдүү элдердин социалдык, саясий, этностук тарыхына арналган же ошол маселелерди камтып кеткен ири эмгектер жарык көргөн. Бул этапта Г.Ф.Миллер, Н.Я.Бичурин, В.П.Васильев, В.В.Григорьев, Н.А.Аристов, Г.Е. Грумм-Гржимайло, Д.М.Позднеев, Ч.Ч. Валиханов сыяктуу ж. б. изилдөөчүлөр орто кылымдардагы түрктөрдүн тарыхын изилдөөгө салымдарын кошушкан.

Борбордук Азиянын тарыхын изилдөөгө зор салым кошкондордун катарына В.В. Бартольд, В.В.Радлов, К.Г.Залеман, Н.А.Аристов, Н.Ф.Катанов, Г.Н.Потанин, С.Е.Малов, Э.Бретшнейдер, П.М.Мелиоранский өңдүү белгилүү окумуштуулардын эмгектерин атасак болот.

Н.А.Аристов этнографиялык материалдарды чыгыш булактарына салыштыруу менен орто кылымдардагы түрк элдеринин этникалык тарыхын изилдесе, алардын катарында орус чыгыш таануучусу В.Минорскийдин изилдөөлөрүнүн өзгөчө баалуулугу бар. Изилдөөчүнүн орто кылымдардагы фарси тилиндеги булактарды англис тилине которуп жарыялашы, чыгыш таануу илиминдеги олутту салым болгон.

Түрктөрдүн жалпы эле түрк тилдүү калктардын тарыхын изилдөө Монголияда 1889-ж. табылып, 1893-ж. окулган байыркы түрк руна жазууларынан баштап кызыгуу арткан. Аталган этапта Борбордук Азиядагы түрк элдеринин орто кылымдардагы тарыхын изилдөөгө А.Н. Бернштам, С.В.Киселев, И.Ю.Крачковский, И.И.Умняков, А.Ю.Якубовский, С.Е.Малов ж. б. окумуштуулар олуттуу салым кошушкан.

Орус чыгыш таанууну мектебинин гүлдөгөн мезгилинин башатында академик В.В.Бартольд турат. Ал изилдөөлөрүндө негизинен араб-перс

булактарына таянып, алардын дээрлик көпчүлүгүн талдап чыккан. Бул мезгилди “бартольддун доору” деп атап жүрүшөт.

В.В.Радлов орхон-енисей руна текстеринин окулушунун ачкычын тапкан чыгаан окумуштуулардын бири, анын күч-аракетинин жана изденүүлөрүнүн натыйжасында гана, Орхондогу түрк кагандарына таандык жазуу эселиктери толук чечмеленген.

XX к. 30-50-жж. баштап түрктөрдүн жана түрк тилдүү элдердин социалдык-экономикалык, саясий, маданий тарыхын чагылдырган негизги эмгектер жарыкка чыккан.

Бул мезгилде археологиялык эстеликтерди изилдөөнүн негизинде бир катар эмгектер жарык көргөн. Бул багытта Кыргызстанда Ак-Бешимде, Кызыл-Сууда, Луговаяда, Таластагы Ак-Төбөдө М.А. Бубнова, П.Н. Кожемяко, Л.Р. Кызласов, Л.П. Зяблин, Казахстандын аймагында Е.И. Агеева, Г.И. Пацевич, Т.Н. Сенигова, Ысык-Көл өрөөнүндө П.П. Иванов жана Д.Ф. Винник, тарабынан көп жылдык изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Ушул мезгилдеги советтик таррыхнаамда Теңир-Тоо жана ага аймакташ жашаган орто кылымдардагы калктардын, өзгөчө Карахандар каганатынын саясий, социалдык-экономикалык, маданий-руханий тарыхын ар тараптуу чагылдырган монографиялар, макалалар жазылып, диссертациялар корголгон. Бул этапта А.Н.Бернштамдын эмгектерине өзгөчө орун таандык.

Орто кылымдардагы түрк элдеринин тарыхын изилдөө маселеси 1950-70-жылдардын аралыгында бир топ ийгиликтерге жетишип, натыйжада бир катар эмгектер кайрадан басылып жарык көргөн. Алардын катарында В.В.Бартольд, А.Н. Бернштам Л.Н.Гумилев, Е.Кычанов, С.Е.Малов, С.Г.Хмельницкий, Г.Клаусон, Д.Габаин, Л.Р.Кызласов, С.Г. Агаджанов, Л.П.Зяблин, А.Н. Зелинский Н.В, Кюнер, Г.П.Супруненко, В.П.Мокрынин сыяктуу ж.б. окуумуштуулардын эмгектерин биз изилдеген мезгилдеги Теңир-Тоодогу элдердин өз ара байланыштарын талдоодо маанилүү тарыхый булак катары пайдаланылды.

Тарыхый булактарга сереп салган эмгектердин катарында XX – кылымдын 60-70-жылдарында жарык көргөн Г.П.Супруненконун, В.П. Мокрыниндин, 80-90-жылдардагы А.Г.Малявкиндин, Н.К.Рерих, Ю.Н.Рерихтин, Э.В.Ртвеладзенин, А. Фортенин ж. б. эмгектери кирет.

Соңку мезгилде жалпысынан алганда бул мезгилдеги изилдөөлөрдүн басымдуулары археологиялык булактарды, эстеликтерди анализдөөнүн натыйжасында жаралган. Бул эмгектерде археологиялык табылгалар, илимий жактан талдоолорго алынган. Алардын катарына 1980-2000-жылдардын аралыгында жарык көргөн Э.Ж.Маанаев, В.Я.Бутанаев, В.Д.Горячева, К.М.Байпаков, Ж.Бактыгулов, С.Г.Кляшторный, С.Худяков, Ч.Джумагулов, Т.В.Грек, П.Н.Кожемяко, Е.И.Лубо-Лесниченко, Б.Я.Ставиский, П.Н.Кожемяко, Ө.Караев (Өмүркул Кара уулу), Т.Чороев (Чоротегин), А.М.Мокеев, М.Ч.Кожобеков, А.М.Кылычев сыяктуу изилдөөчүлөрдүн эмгектерин кошууга болот.

2000-жылдардан кийин дагы, орто кылымдардын тарыхынын маселелерин чагылдырган бир катар изилдөөлөр жарык көргөн. Бул мезгилде Кыргызстандын орто кылымдардагы саясий жана этникалык тарыхынын маселелерин айкалыштырып изилдөөгө аракет жасашкан О.Каратаев, С.Г.Кляшоторный, Г.Г.Пиков, А.Бисенбаев, А.М.Мокеев Э.Ж.Маанаев, С.К.Алымкулова, Т.Чоротегин, Т. Джуманалиев, Т.Акеров ж.б.

**“VI – XII кк. түрк тилдүү жана башка калктардын этномаданий, этносаясий байланыштарынын тарыхынын негизги булактары”** деген 2 баптын 1 параграфында белгиленген доордогу Теңир-Тоону байырлаган түрк тилдүү калктардын тарыхына тиешелүү ар түрдүү тилде жазылган жазма эстеликтер каралган. Аталган доорлорду изилдөөнүн жазма булактарына байыркы түрк-руна тексттери жана византиялык, кытай, араб, перс, согду, сириялык, тибет булактары кирет. Теңир-Тоонун орто кылымдардагы түрк тилдүү элдеринин социалдык, саясий, маданий тарыхына изилдөөдө Византиялык жазма эстеликтердин булактык мааниси чоң. Византиялык Менандр (Протектор) (VI к. ортосу) тарабынан толук сакталбаган “История” аттуу эмгегинде (557-585 жж. мезгилдерди камтыйт) Византиянын түрк каганаттары менен болгон тышкы байланыштары каралып, аталган булакта византиялык Земархтын (568 ж.) түрк каганы Дизабулга (Истеми) барган элчилиги жана 576-жылга чейинки эки тараптын мамилелеринин өнүккөндүгү жөнүндөгү баяндамалар камтылган.

Эрте орто кылымдардагы Борбордук жана Орто Азиянын элдеринин тарыхын окуп үйрөнүүдө Кытай даректери маанилүү булак болуп саналат. Кытайдын тышкы саясий кызыкчылыктарынан улам, даректерде коңшу жашаган калктардын саясий институттары, адеп-ахлагы, каада-салты, турмуш-тиричилиги, маданияты жөнүндөгү маалыматтарга кеңири орун берилген. Кытайдын гүлдөп өнүккөн мезгили Суй (581-618-жж.) жана Тан (618-907-жж.) династияларынын мезгилиндеги окуяларды чагылдырган маанилүү булактарга “Тан династиясынын эски хроникасы”, “Тан династиясынын жаңы хроникасы”, ”Улуу Тан династиясынын мезгилиндеги Сюань Цзандын Батыш өлкөлөрү жөнүндөгү жазмалары” кирет.

“Улуу Тан династиясынын мезгилиндеги Батыш өлкөлөрү жөнүндөгү жазылмаларда” (“Да Тан Сиюй цзи”), будда зыяратчысы Сюань Цзандын Индияга жасаган саякатына арналып, 646-жылы жазылган. Мында 34 өлкө тууралуу маалыматтар менен бирге Түндүк Теңир-Тоонун шаарлары да эскерилген. Сюань Цзан Суяб, Невакет, Талас шаарлары аркылуу өтүп Теңир-Тоонун калкынын жашоо тиричилиги, үрп-адаты, каада-салты тууралуу баалуу маалыматтарды жазган.

Б. з. I миңинчи жылдыгында түрк уруулары мекендеп турган аймактарда табылган руна, уйгур, араб жазуусундагы тексттер өзгөчө баалуулукка ээ. Байыркы түрк жазуу эстеликтери ошол мезгилдеги түрк коомунун социалдык, этникалык, маданий процесстери жөнүндө так маалыматтарды берет. Булактык базасы жагынан өтө баалуу байыркы түрк тексттери Моңголиянын аймагынан табылган. Енисейде жана Таласта табылган түрк-руна жазуулары

дагы түркологиия багытында жаңы ачылыш катары эсептелип, булактаануудагы маанилүү эстеликтерден болуп эсептелет. Енисейдеги эпитафиялык эстеликтер XVIII к. 20-жылдарында окумуштуулар Д.Мессершмит, И.Страленберг ал эми орхон эстеликтери 1889-ж. орус изилдөөчүсү Н.Ядринцев тарабынан ачылган.

Согду жазуу эстеликтеринде түрк-согду алакалары жөнүндөгү баалуу маалыматтар камтылган. Мындай маалыматтар Согдиянын (Заравшан жана Кашка-Дарыя өрөөндөрү) өзүндө табылган документтер менен бирге (Муг, Бугут эстеликтери) Борбордук Азияда жана Жети-Сууда учураган согду эпиграфиялык эстеликтеринде кездешет.

VIII к-дан – XIII к. башталышына чейинки араб-фарсы тилиндеги булактарда, орто кылымдардагы Теңир-Тоодогу жана ага чектешкен жерлердеги карлуктар, чигилдер, огуздар, кимак-кыпчактар, сыяктуу күчтүү мамлекеттик жана уруулук бирикмелердин аймакка үстөмдүк кылуу үчүн ири күрөштөрү чагылдырылган. Изилдөө ишинде төмөнкү авторлордун эмгектерине кеңири булактаануучулук талдоо жүргүзүлдү. Алар: Ибн Хордадбек (болжол менен 820-912-жж.), Ибн ал-Факих (IX-X кк.), Кудама ибн Джафар (X к. биринчи жарымы), Ал Истахри (X к.), Ал-Мукаддаси (болжол менен 946/47-1000 жж.), Абу Дулаф (X к.), Шараф аз-Заман Тахир ал-Марвази (XI-XII кк.), Ал-Идриси (1100-1165 жж.), Ал-Утби (961-1022-жж.), Гардизи Абу Саид Абдал-Хайи (1008/1009 – өлгөн жылы белгисиз), Бейхаки (болжол менен 996-1077-жж.), Низам ал-Мульк (1018-1092-жж.), Ибн ал-Асир (1160-1233/34-жж.), Жамал Карши (1230-31 – өлгөн жылы белгисиз), Рашид ад-Дин (1227-1318). Араб саякатчылары Ас-Саммани (1113-ж. – өлгөн жылы белгисиз), Ал-Хамаваи (1179-1229-жж.), Абул-Федун (1273-1331-жж.), Аль-Омаринин (1348-ж. – өлгөн жылы белгисиз) эмгектеринде шаарлар жана шаардыктардын жашоо турмушу, Борбордук Азиядагы шаарлардын соода алакалары тууралуу кеңири маалыматтар берилген.

Теңир-Тоону жана Жети-Суунун орто кылымдардагы этномаданий алакаларын изилдөөдө Жусуп Баласагындын (болжол менен 1020-1090 жж.) “Кут алчу билим” (1069-ж.) поэмасынын жана Махмуд Кашгаринин (XI кк.) “Диван лугат ат-түрк” (1072-1074-жж.) эмгегинин булактык мааниси белгиленди.

**“Изилдөө ишинин объектиси, предмети жана методологиялык негизи”** деп аталган экинчи баптын 2 параграфында, аталган доордо Теңир-Тоодо жашаган калктар: түрктөр, батыш түрктөр, согдулуктар (согдактар), түргөштөр, карлуктар, чигилдер, йагмалар, каңгылар, огуздар, басмылдар, отуз огландар, аздар, кыргыздар, аргулар, йабакулар изилдөөнүн ***объектиси*** катары каралды.

Диссертациялык иштин милдеттерин жетекчиликке алып, изилдөөнүн ***предмети катары*:** VI–XII кк. Теңир-Тоо аймагын байырлаган түрк тилдүү калктардын маданий мурастары: алардын ортосундагы тилдик, диний алакалары, шаар маданиятынын (түрк-согду синтези) өнүгүшүн изилдөөгө аракет жасалды.

Аталган параграфта иштин теориялык-методологиялык негизин изилдөөнүн атайын жана жалпы илимий ыкмаларынын жыйындысы түзөөрү белгиленип, диссертациялык иштин изилдөө ыкмасы объективдүүлүк жана тарыхыйлык (историзм) принциптерине негизделгени көрсөтүлдү.

Диссертациялык иштин 3 бабы **"Теңир-Тоо жана ага чектеш аймактардагы этномаданий байланыштар"** деп аталат. "**VI-IX к. башындагы Жети-Суу жана Тенир-Тоодогу этностук жүрүмдөрдүн баскычтары"** аттуу 1 параграфта VI к. ортосунда Теңир-Тоо аймагына Борборазиялык түрк урууларынын көчүп келиши менен Кыргызстандын этностук, этномаданий тарыхынын жаңы этабы башталганы белгиленет. VI-VIII кк. социалдык жана саясий жактан теңсиз үч этностук тутумдун тыгыз байланышы болгон: 1) Борбордук Азиядан көчүп келген түрк уруулары, 2) түрктөргө чейинки жергиликтүү сак, усун урууларынын тукумдары эсептелип, көчмөн мал чарбачылыгы менен алектенген уруулар, 3) Орто Азиянын шаарлары менен тыгыз байланышта болгон, шаар жана отуруктакшкан кыштактардын согду (чыгыширан) калкы. VI-VIII кк. Теңир-Тоонун негизги этностук тарыхынын өзөгүн аймактагы ушул үч этностук компоненттин этномаданий алакаларынын болушу аныкталды. Аталган параграфта Теңир-Тоону байырлаган элдер: түрктөр, батыш түрктөр, согдулуктар (согдактар), түргөштөр, карлуктар, чигилдер, йагмалар, каңгылар, огуздар, басмылдар, отуз огландар, аздар, кыргыздар, аргулар, йабакулар каралып, алардын тарыхый тамырына кеңири талдоо жүргүзүлдү.

Жогоруда белгиленген аймактагы этностук жүрүмдөрдүн таасири жергиликтүү элдин малданиятында, тилинде, диний ишенимдеринде, өзгөчө аскер, согуш иштеринде даана байкалган. Бул маданий алакалар археологиялык маалыматтар менен тастыкталды.

**"IX-XII кылымдардагы Теңир-Тоо жана ага чектеш аймактардагы этносаясий жүрүмдөр жана этномаданий алакалар"** деген аталыштагы 3 баптын 2 параграфы негизинен VI–XII кк. Теңир-Тоо аймагын байырлаган элдердин ортосунда этникалык, саясий, маданий, чарбалык, соода жана диний байланыштардын ири процесстерине арналган. Бул процесстер өз кезегинде Борбордук Азияда жашаган түрк тилдүү калктардын ортосундагы маданий синтезин камсыз кылган.

Борбордук Азия чөлкөмүндө VI–XII кк. байырлаган элдердин этностук, саясий, маданий жана тарыхый өнүгүүсүн изилдөө өтө татаал, талаш-тартыштуу көйгөйлөрдү иликтөөнү камтыды. Бул доордо Борбордук жана Ички Азиянын (Түштүк Сибирь, Моңголия, Батыш Кытай, Тибет, Чыгыш Теңир-Тоо, пост-советтик Борбордук Азия, Түндүк Ооганстан) кеңири аймактарындагы этностук жана маданий кырдаал улам өзгөрүп, түрк тилдүү ж.б. калктардын этностук жалпылыгынын түзүлүшүнүн улам жаңы баскычтары калыптанган. Бул тарыхый доор Байыркы Түрк каганаттарынын (Улуу Түрк кагандыгы, Батыш жана Чыгыш Түрк кагандыктары, Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгы, Түргөш кагандыгы, Карлук жабгулугу ж. б.), Енисей Кыргыз каганаты, Орхондогу Уйгур каганаты, мусулмандык Карахандар

каганаты сыяктуу мамлекеттер өкүм сүргөн мезгилдерге туура келет. Андан кийин кара кытайлардын (кидандардын батышка оогон бөлүгүнүн) Батыш Ляо мамлекетинин негизделиши жана наймандардын бүгүнкү Моңголия, Алтай аркылуу Борбордук Азиянын батышына карай жылышы Теңир-Тоо чөлкөмүндө да олуттуу этностук-маданий өзгөрүүлөргө алып келгени белгиленди.

Улуу Кыргыз каганаты доорунда Енисейден Ички Азия аркылуу Теңир-Тоого чейин келген кыргыздар жана алардын журт котоpуулары маалында улам башка аймактарга көчүүгө мажбур болгон башка түрк этностору Теңир-Тоодо жаңы этностук-саясий кырдаалдын жаралышына себепкер болгондугу, кыргыз таануу үчүн өтө олуттуу жыйынтык болоору белгиленди. Айрым тарыхчылардын кыргыздар XVI кылымда гана Алтайдан Теңир-Тоого көчүп келген деген негизсиз жоромолдору тарыхый маалыматтар менен төгүндөлдү.

Диссертациялык иштин төртүнчү бабы **"Борбордук Азиядагы орто кылымдын эрте мезгилиндеги түрк жана согду калктарынын этностук-маданий алакалары"** деп аталып, анын 1 параграфы **"Борбордук Азиядагы түрк-согду мамилелеринин тарыхый тамырына"** көңүл бурулду. Түрк-согду маданий алакаларынын натыйжасында чөлкөмдөгү саясий туруктуулуктун калыптанышы, соода-сатык мамилелеринин жөнгө салынышы, шаар маданиятынын болуп көрбөгөндөй өнүгүшү болгон. Түрк-согду маданий алакаларынын башаты б.з.ч. IV-III кк. башталып, алгачкы орто кылымдарга чейинки мезгилде Согду менен Жети-Суунун ортосундагы мамилелердин өтө тыгыз болгондугу булактык маалыматтар менен тастыкталды.

Ал эми IX–X кк. баштап Жети-Суудa жашаган согдиялыктар түрктөрдүн кийиминен баштап, салт-санаасына чейин кабыл алып, ушул мезгилден тартып алардын түрктөр менен ассимиляциялануу процесси башталган. Мындай этносимбиозду Муг тоосунан табылган архивдеги Пенджикентдик түрк жигити Ут-тегин менен Жети-Суулук согдулук кыз Дугудгунча менен болгон "нике келишими" ырастайт.

Түрк-согду мамилелеринин бул доору этностордун ортосундагы алакалардын чыңдалышына, ошондой эле этномаданий айкалыштарга жана аймактагы биримдик процесстерине оң таасирин тийгизген. Түрк каганатынын биринчи жана экинчи мезгилдериндеги түрк-согду элдеринин өз ара мамилелери – бул бирдиктүү этносаясий жана этномаданий системанын туруктуулугун көрсөтө алган.

Түрк-согду мамилелеринин руханий жана маданий айкалышы диний толеранттуулукта жана маданий кызматташууларда дагы өзгөчө байкалган. Аймактагы зороастризмдин таралышы биринчи кезекте согдулуктардын аркасында келип кирген болсо, ага карабай түрк калкынын арасында теңирчилик өзүнүн бекем багытын ээлеп турган. Түрк-согду симбиозунун дагы бир маанилүү тарыхый фактору болуп, Согдуда VI–XI кылымдарда согду жазмасы менен бирге түрк жазмасы да таркагандыгында. Натыйжада, VI–XII кылымдар ортосунда согду жазмасынын негизинде түрк элдеринин бул

доорунун маанилүү зор эстеликтери (Бугут, Карабаласагун, Сэврэй-сомон, Тайхир-чулун, Терексай жана Кулансай) түзүлгөн.

Жыйынтыктап айтканда, түрк-согду экономикалык жана маданий байланыштарынын аркасында, Улуу жибек жолунун багытында ондогон шаарлар өсүп чыгып, бул шаарлар ири экономикалык, саясий, соода жана маданий алакалардын борборлоруна айланган.

Төртүнчү баптын 2 чи параграфы "**Түрк-согду симбиозунун Теңир-Тоо аймагынын этномаданий алакаларынын өнүгүүсүндөгү орду**" деп аталып, аталган маданий байланыштын аймактагы жергиликтүү калктардын жашоосунун дээрлик бардык багытына таасир кылганы белгиленди.

Б.з.ч. III кылымдын аягында Борбордук Азияга моңгол кейпиндеги көчмөндөр таралып, ал аймакта мурдаарак жашаган иран тилдүү уруулардын түрктөшүү, түрк тилин жайылтуу, маданий, этникалык ассимиляция процесси (айрыкча тилде) башталып, ал 7 кылымдан ашык убакытка созулган. Бул боюнча белгилүү изилдөөчү Т.К. Чороевдин пикири бар. Окумуштуу б.з. IV–V кылымдарында Орто Азияда моңгол кейпиндеги, бирок түрк тилинде сүйлөгөн уруулар жашаган деген маалыматка толук кошуларын билдирген.

Ал эми белгилүү орусиялык археолог Ю.С.Худяков адамзат тарыхындагы мыйзамдуулуктарды, тенденцияларды карап келип: «Иран жана түрк этносторунун өз ара таасир көрсөтүү, айкалышуусунун жана маданий салттарынын көп кылымдарга созулган аймагы – Борбордук Азия», – деп баса белгилеген.

Согдулуктар, соода-экономикалык жашоосунан тышкары түрк каганаттарынын саясий-идеологиялык жашоосунда да маанилүү ролду ойноп турушкан. Мисалы, согдулуктар түрк кагандарынын маанилүү дипломатиялык тапшырмаларын аткарышкан. Алар Иранга элчиликти жетектешкен, бирок мында алар түрктөрдүн гана эмес, өздөрүнүн да соода кызыкчылыктарын чечишкен. Согдулук үгүтчүлөр миссионерлик иш алып барышкан, манихей, несториан, буддизмди көчмөндөр арасында таркатууга аракет кылышкан.

Жыйынтыктап айтканда, Теңир-Тоону жана Борбордук Азияны жердеген этностор үчүн "түрк" жана "согду" синтездеринин олуттуу мааниси бар жана эки маданият тең, аймакта кийин пайда болгон бардык этностордун маданий-социалдык турмушунда чечүүчү ролду ойногон. Демек, биздин пикирибизде орто кылымдардагы аймактагы *түрктөшүү процесси, атайылап максаттуу жүргүзүлгөн саясат болгон эмес.* Бирок, дал ушул процесстин өзү, Борбордук Азияда басымдуулук кылган түрк этностордун этногенезиндеги эң маанилүү баскычтардан болгон.

**"Түрк-согду этномаданий алакаларынын өнүгүшүндөгү Улуу жибек жолунун ролу. Көчмөн жана отурукташкан маданияттын жуурулушу"** деген 4 баптын 3чү параграфында Улуу жибек жолун өздөштүрүүдө эбегейсиз чоң роль согдулуктарга тиешелүү экендиги баса белгиленди. Алар Александр Македонскийдин Согдуну басып алгандан кийин чыгышты көздөй жер которуп жайгаша баштаган. Кийинчерээк согду соода борборлору бул жолдун

чыгыш багытын бойлой, Орто Азиядан Кытайдын Чаньанына, балким Японияга чейин пайда болгон. VI к. аягында согдулук көпөс Маниах, Каспийден өтүп, Кара деңизден сүзүп Канстантинополго келген. Натыйжада жибек менен соода кылуунун дагы бир жолу “Кавказ жибек жолу” ачылган. Согдулуктар Аравиядан Индияга андан Кытайга кеткен Улуу Жибек жолунун деңиз жолдору менен дагы соода-сатык мамилелеринин жүргүзүп келишкен. Орто Азиядагы жибек өндүрүү дагы согдулуктардын ишмердүүлүгү менен байланышкан. V-VI кк. Орто Азиядагы эң ири согдиялык жибек өндүрүү борбору пайда болгон. Жергиликтүү археологиялык (Кампыртепе. Түндүк Бактрия) табылгаларга караганда аймакта жибек өндүрүү мындан бир топ эле эрте болсо керек.

Түрктөр Орто Азияга үстөмдүгүн орноткондон кийин, түрк-согду синтезинен турган мамлекет Улуу жибек жолунун аймактагы ээси болууга жетишкен. Ал эми Жети-Суудагы отурукташкан маданияттын негизин аймакка көчүп келген согдулуктар түзгөн. Түрк көчмөндөрүнүн массалык отурукташуусу Жети-Суудагы шаарлардын жана кыштактардын өсүшүн шарттап, отурукташкан жана көчмөн маданияттын жуурулушун тездеткен. Бул XI-XII кк. мал чарбачылыгы менен алектенген калктардын түрктөшүүсүнө гана эмес шаар калкынын бул процесске тартылуусуна алып келген. Өзгөчө шаарларда түрк-согду маданий-тарыхый синтезин шарттаган, отурукташкан жана көчмөн калктардын этностук жүрүмдөрү жана маданий алакалары жүргөн. Ал өз кезегинде Борбордук Азиянын түрк, иран тилдүү калктарынын менталитетин жана руханий баалуулуктарын аныктаган.

Улуу Жибек жолу аркылуу соода-сатык мамилелери гана эмес, маданий, диний алакалар өөрчүп, бул биринчи кезекте шаар маданиятынын эл аралык деңгээлге чыгуусун шарттаган. Борбордук Азияда жашаган элдердин өз-ара этногенетикалык жана этномаданий алакалары, көчмөндөр менен отурукташкан элдердин ортосундагы байланыш, Улуу Жибек жолундагы сооданын кеңейиши жана башка факторлор менен ишке ашып турган.

Бир жарым кылымдан ашык мезгил бою жашап келген түрк-согду союзунун тарыхы аяктаганы менен бул эки маданияттын синтезинен жаралган шаар куруу, жер иштетүү, соода жүргүзүү маданиятынын материалдык жана руханий байлыктары Евразия континентинин өнүгүү цивилизациясына болуп көрбөгөндөй кызмат кылган. Араб географы аль-Марвази (XII к.) белгилегендей, “Жети-Суудагы түрктөрдүн чоң уруулары: тухсилер, чигилдер, азкиштер, түргөштөр, хазладжилер, чаруктар, барсхандар, жана ошондой эле Жакынкы Чыгыштан жана Борбордук Азиядан көчүп келген – согдулар менен, жүздөгөн жылдар бою биргелешип союзда жашап, өз ара ассимиляцияланган”.

Дүйнөлүк ааламдашуу доорунда жашап жатып, Улуу Жибек жолу аркылуу орто кылымдарда эле Евразиялык ааламдашуу процесси ишке ашып, ал эми кээ бир экспанциялык жол менен келген коомдук өзгөрүүлөр жергиликтүү баалуулуктарга өзгөртүүлөрдү алып келгени менен, ата-бабадан

бери келе жаткан салттык мурастарды өзгөртө  алган эмес деп жыйынтык ирээтинде белгилесек болот.

## КОРУТУНДУ

Теңир-Тоо кыркаларын, анын ичинде азыркы Кыргызстандын, Түштүк-Чыгыш Казахстандын, Чыгыш Өзбекстандын аймагын жана Чыгыш Теңир-Тоонун көпчүлүк бөлүгүн жердеген көчмөн жана отурукташкан түрк калктары VI-XII кылымдарда ири тарыхый-маданий аймакка кошулган.

Диссертациялык иште бүгүнкү күнгө чейинки изилденип келген баалуу булактардын жана илимий эмгектерди талдоонун негизинде Теңир-Тоо аймагынын түрк калктарынын өз ара алакаларынын тарыхына байланыштуу маселелер изилденди. Белгилүү кыргыз таануучу, археолог жана түрколог А.Н.Бернштам: "Теңир-Тоо – элдердин журт которууларынын евразиялык баскычынын плацдармы, Карахандардын XI-XII кылымдардагы бүткүл орто азиялык сулалесинин пайдубалы", – деп жогору баалаган. Чынында да, бул аймак этностордун өз ара жуурулушуусунун, ар кыл тарыхый жазмалардын өз ара таасиринин, ар кыл диндеги топтордун ымалалашып жашоосунун, көчмөн жана отуруташкан калктардын симбиозунун жана өз ара ширелишүүсүнүн мекени болду.

Биз изилдөө ишибиздин башында коюлган  милдеттердин алкагында төмөндөгү эки гипотезаны койгонбуз:

1. Изилденип жаткан аймакта салыштырмалуу кечирээк пайда болгонуна карабастан, түрк синтезинин аталган чөлкөмдөгү таасири тескерисинче алардын ар биринин маданиятында кездешүүчү жалпы окшоштуктарды пайда кылган уютку болгон болсо, ал эми отурукташкан дыйкан этникалык топторго таасири азыраак болгон. Түрк синтезинин таасири аймакта басымдуулук кылган. Түрк синтезинин аймакта таркалышынын бирден-бир себеби, ал бийлик  үстөмдүк  кылуу аркылуу кирип, саясий механизмдер менен бекемделгени менен байланыштуу.
2. Согду маданияты эрте орто кылымдагы Борбордук Азиядагы этникалык топтордун маданиятынын калыптанышына  таасир тийгизген, бирок ал таасир отурукташкан –дыйканчылык этникалык топтордо (тажик, өзбек)  тереңирээк болгон. Ал эми көчмөндөр, айрыкча кыргыздар согду маданиятынын таасирин фрагментардуу гана сезип,  бирок олуттуу  уютку катары кабыл алышкан эмес

Бул гипотезаларыбыз илимий изилдөө учурунда төмөндөгүдөй жыйынтыктарга алып келди.

*Биринчиден*, Белгилүү Л.Н. Гумилев тарабынан негизделип, бүгүн улам Россиялык, Казахстандык  окумуштуулар тарабынан көтөрүлүп, үгүттөлүп жаткан Евразиялык биримдик идеясынын угуту ошол VI к. эле калыптанган. Чындыгына келгенде, бул идея азыркы глобалдаштыруу жана кубаттуу мамлекеттердин көмүскө, алдыңкы идеялар менен чүмбөттөлгөн  баскынчы саясатынын күчөп турган учурунда аймактык интеграциянын өзөгүн түзсө, Евразияда гана эмес, дүйнөлүк саясатта да бир топ өзгөрүү болмок.

*Экинчиден,* түрк көчмөн-мамлекети ошол учурдагы алгачкы түрк тилдүү мамлекет болуп, аймактагы этно-саясий мамилелердин анда-ары тез, динамикалуу өнүгүшүнө шарт түзгөн. Дал ушул түрк көчмөн мамлекетинин күчөшү - Енисейдеги алгачкы кыргыз мамлекеттүүлүгүн чыңдалышын (атаандаш катары) стимулдаштырган, түрдүү уруулардын андан-ары мамлекеттүүлүккө карай консолидациясынын күчөшүнө алып келген. Түрк каганатынын түзүлүшү менен Борбордук Азиянын тарыхында ары татаал, ары бурулуш баскыч –Борбордук Азия түрктөрүнүн мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы башталган.

Жалпылап айтканда, "Улуу держава" доорунда кыргыздар Борбордук Азиянын кеңири аймактарында ээлик кылып, ошол жерде жашаган бардык уруулар, этностук топтор менен маданий алакаларда болушкан. Алар кошуна элдерден маданий элементтердин ар кандай түрлөрүн алышкан, мисалы уйгурлардан кыргыздардын бир бөлүгү манихейчиликти алышса, тибеттиктерден кыргыздар бон дининин текстерин таанышкан.

Диссертацияда коюлган максатка ылайык биз төмөндөгүдөй **милдеттерди** аткардык:

- эски түрк доору жана андан соңку доорлордогу этномаданий байланыштардын эволюциясын аныкталды;
- кыргыздардын ж.б. түрк, монгол, иран тектүү элдер менен болгон тарыхый-этникалык, маданий өз ара байланыштары иликтенди;
- VI-XII кк. кыргыз, түрк ж.б. тилдүү элдердин этномаданий алакаларынын тарыхый булактарда, илимий эмгектерде чагылдырылышы изилденди;
- цивилизациялар жана маданияттар аралык байланыштарга Улуу жибек жолунун тийгизген таасири иликтенди;
- "түрк-согду синтези" жана тилдер, маданияттар арасындагы этномаданий алакаларга аныктама берилди;
- Борбордук Азия, Жети-Суу, Чыгыш Теңир-Тоо, азыркы Кыргызстан жана ага чектеш аймактардагы этникалык (этностук) абалдын эволюциясы жана калыптануусу изилденди;
- кыргыздар, түрк-монгол калктары, иран тектүү эл жана шаар маданияты, анын көчмөндөргө тийгизген таасирин изилденди;
- теңиртоолук жана енисейлик кыргыздардын этностук, этномаданий жалпылыгы тереңдетип иликтенди.

Жыйынтыктап айтканда, Теңир-Тоо, Борбордук Азияны жердеген этносторго "түрк" жана "согду" синтездеринин мааниси абдан чоң. Экөө тең, аймакта кийин пайда болгон бардык этностордун маданий-социалдык турмушунда чоң ролду ойношкон.

Экөөнө тең тиешелүү белги - алар (согдоштуруу жана түрктөштүрүү) – атайылап жүргүзүлгөн максаттуу саясат эмес, учурдун, ошол мезгилде түзүлгөн тарыхый кырдаалдын зарылчылдыгы гана болгон.

1. Түрктөшүү процесси - көбүнчө саясий-социалдык мүнөзгө ээ болгон. Түрк аскердик жана турмуш-тиричилик маданиятынын элементтерин алгач саясий элита (алар эле ошол учурда экономикалык элита) кабыл алышкан. Мисалы

биз жогоруда сөз кылган армиянын, анын формасынын, эрежелеринин жана жергиликтүү элитанын аракеттерин мисал кылсак болот. Аймактагы жашаган этностордун арасында түрктөргө тиешелүү саясий бийлик атрибутикасын алышкан.

2. Согду маданиятынын таркашы - же согдоштуруу - бул процесс көбүнчө экономикалык-маданий мүнөзгө ээ болгон. Ал экономикалык зарылчылык-соода жүргүзүү зарылчылыгынан келип чыгып, согду маданиятынын элементтери акырындап, эч кандай реакциясыз, атайын иш-чарасыз эле Евразия континентинен ары чыгып кеткен. Мында бул компоненттер кадимки эле тиричилик буюмдары, соодагерлер аркылуу тынчтык жолу менен таралып, ар бир аймакта жергилитүү этникалык топтордун өз маданияты катары кабыл алынып калган.

Жалпылап айтканда, түрктөштүрүү жана согдоштуруу Теңир-Тоо, жалпы эле Борбордук Азиядагы эрте орто кылымдагы саясий, экономикалык жана маданий процесстердин мазмунун байытууда чоң роль ойноп, аталган аймактардын азыркы жашоо маданиятынын эң чоң компонентине айланган. Бирок, бул маселенин дагы да изилдене турган өңүттөрү абдан арбын.

Демек, бүгүнкү тарыхый шартта-аймакташ мамлекеттердин ортосундагы (айрыкча Борбордук Азияда) эч кандай территорияга, тилге, маданиятка тиешелүү монополисттик мамиле жасоого эч бир мамлекеттин моралдык укугу жок. Тарыхтан позитивдүү тажрыйбаны, башкача айтканда кайсы бир доордо салынып кеткен тарыхый маданий көпүрөлөрдүн бүгүнкү татаал шарттарда башка бир жаңы түзүүчүлүк үчүн гана пайдалануу керек.

VI-XII кк. Теңир-Тоо аймагында жашаган элдердин этномаданий алакаларын изилдөөдөн кийин төмөндөгүдөй **практикалык сунуштар** берилет:

VI-XII кк. Теңир-Тоо аймагында жашаган элдердин этномаданий алакаларынын тарыхын изилдөөдөн кийин төмөндөгүдөй практикалык сунуштар берилет:

• VI-XII кк. Теңир-Тоо аймагында жашаган элдердин өз ара алакаларын дагы тереңдетип жана кеңейтип изилдөө менен Кыргызстандын тарыхындагы аталган доордогу булактаануучулук багытты байытуу керек.

• Соңку мезгилде кыргыз тарых илиминдеги булактаануу жаатындагы ачылган жаңы мүмкүнчүлүктөрдү (кытай, өзбек архивдериндеги) пайдаланып, изилденип жаткан маселенин булактаануучулук жаатын байытуу зарыл.

• Жогорку окуу жайлардын жана кесиптик билим берүү окуу лицейлеринин Кыргызстандын тарыхы окуу куралдарындагы VI-XII кк. көчмөн жана отурукташкан элдердин маданиятын тереңирээк чагылдырууда, биздин изилдөөбүздүн жыйынтыктарын киргизүүнүн зарылчылыгы бар.

• Соңку мезгилдердеги кыргыз тарых илиминдеги орто кылымдардын тарыхын окуп, изилдеп үйрөнүү жана аймактын этномадний алакалардын жаңы багыттарын билүү үчүн, Чыгыш Туркестанга, Түштүк Сибирге, Моңголияга илимий экспедицияларды уюштуруу зарыл.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН МАЗМУУНУ ТӨМӨНКУ ЭМГЕКТЕРДЕ ЧАГЫЛДЫРЫЛГАН


1. Садырова З.Т. Чыгыш авторлору кыргыздар жөнүндө (жаныча көз-караш) [Текст] / З.Т.Садырова. // Жусуп Баласагын и современность: материалы республиканской научно- практической конференции (2 часть). – Бишкек.: “Технология”. 1999. – С . 48-54.
2. Садырова З.Т. Ю.С. Худяковдун кыргыз тарых илимине кошкон салымы. [Текст] / З.Т.Садырова. // Спорт и здоровье человека: материалы международного научного конгресса, посвященного III Центральноазиатским играм – Бишкек.: “Технология”, 1999. – С. 216-219.
3. Садырова З.Т. Генезис истории кыргызского государства. [Текст] / З.Т.Садырова. // Спорт и здоровье человека: материалы международного научного конгресса,посвященного III Центральноазиатским играм – Бишкек. “Технология”, 1999. – С. 219-223.
4. Садырова З.Т. Улуу Жибек жолу араб географтарынын маалыматында. [Текст] / З.Т.Садырова. // Актуальные проблемы образования на современном этапе: материалы научно-практической конференции. – Бишкек.: 2002. – С. 384-391;
5. Садырова З.Т. Караханилер каганатынын тарыхый жазма булактарынан. [Текст] / З.Т.Садырова. // Проблемы и перспективы развития ФК и спорта: материалы международной научной конференции посвященной 2200 - летию Кыргызской государственности – Бишкек.: 2003. – С.377-386.
6. Садырова З.Т. Этномаданий-саясий алакалардын түрк жана түргөш каганаттарына тийгизген таасири. [Текст] / З.Т.Садырова. // Тюрко-арабский мир в эпоху Махмуда Кашгари-Барскани исовременность: материалы международной научно теоретической конференции. ”Билим жана тарбия” Махмуд Кашгари-Барскани атындагы Чыгыш Университетинин илимий-педагогикалык журналы. – Бишкек. 2005. №1-2 (5-6). – С. 30-38.
7. Садырова З.Т. В.В. Бартольддун эмгектериндеги VI-IX кк. кыргыздар жөнүндөгү маалыматтар. [Текст] / З.Т.Садырова. // Актуальные проблемы и перспективы развития физической культуры и спорта: материалы международной научно-практической конференции посвященной 50-летию КГАФК и С. – Бишкек.: 2007. – С .363-370.
8. Садырова З.Т. Этномаданий алакалардын түрк цивилизациясындагы ролу. [Текст] / З.Т.Садырова. // Кыргыз тарыхынын маселелери, КР УИА, тарых жана маданий мурас институтунун илимий журналы. – Бишкек.: 2008, №3, 118-124 б.
9. Садырова З.Т. Этнокультурные процессы в кочевом мире Центральной Азии. [Текст] / З.Т.Садырова. // Алтай в Евроазийском пространстве: исторические традиии и перспективы межрегионального сотрудничества: материалы международной научнно-практической конференции. Восточно Казахстанский государственный университет им. С.Аманжолова. – Усть-Каменогорск.: 2008. – С. 183-191.

10. Садырова З.Т. Факторы формирования, носители и содержание этнической культуры. [Текст] / З.Т.Садырова. // Отечественная история. Научный журнал института истории и этнологии им. Ч.Ч. Валиханова. – Алматы.: 2009. - № 3. – С. 191-200.
11. Садырова З.Т. Борбордук Теңир-Тоодогу VI-VIII кк. этникалык процесстер аймактагы этномаданияттын негизги фактору катары. [Текст] / З.Т.Садырова. // Вестник Физической культуры и спорта. – Бишкек.: 2011. - №1(2). – С. 134-137;
12. Садырова З.Т. Согд-түрк синтези жана анын Теңир-Тоо аймагынын этномаданиятынын калыптанышындагы орду. [Текст] / З.Т.Садырова. // Культурно-историческое пространство Центральной Азии: о прошлого – к будущему: материалы международной общественно-научной конференции к 110-летию со дня рождения Юрия Николаевича Рериха. – Бишкек-Москва.: 2013. – С. 176-188;
13. Садырова З.Т. IX-XII кк.Кыргыздардын карлуктар, басмылдар менен болгон этномаданий алакалары. [Текст] / З.Т.Садырова. // Проблемы полиэтнического общества в Центральной Азии: вызовы и возможные решения: материалы международной научной конференции, посвященной 75-летию первой Кыргызской женщины-ученого этнографа Какен Мамбеталиевой. – Бишкек.: 2013. – С.335-342.
14. Садырова З.Т. VI-XII кк.түрк элдеринин этномаданий байланыштарынын илимий эмгектерде изилдениши. [Текст] / З.Т.Садырова. // Актуальные проблемы истории Кыргызстана: Материалы Республиканской научной конференции, посвященной 80-летию профессора Аттокурова С.А. – Бишкек.: 2013. – С.258-270.
15. Садырова З.Т. “Манас” эпосу этномаданият өзөгүнүн муундар аралык өткөргүчү катары. [Текст] / З.Т.Садырова. // Жусуп Мамай: заманыбыздын залкар манасчысы. Кытайлык залкар Кыргыз манасчысы Жусуп Мамайдын чыгармачылыгына арналган илимий баяндамалардынжана макалалардын топтому – Бишкек.: 2014. – Б. 232-235.
16. Садырова З.Т. Борбордук Азиядагы түрк-согду мамилелеринин тарыхый тамыры. [Текст] / З.Т.Садырова. // Кыргыз Каганаты түрк элдеринин орто кылымдардагы мамлекеттүүлүгүнүн жанамаданиятынын алкагында: Борбордук Азиядагы Улуу Кыргыз Каганатынын түзүлгөндүгүнүн 1170 жылдыгына арналган II эл аралык илимий жыйындагы баяндамалардын жыйнагы. – Бишкек, 2014. – Б. 322-326.
17. Садырова З.Т. Эрте орто кылымдардагы Теңир-Тоо аймагындагы саясий өзгөрүүлөр жана этностордун өз ара маданий алакалары (IX-XII кк.). [Текст] / З.Т.Садырова. // Кыргыз жана Карахандар каганаттары: Көөнөрбөс издер. III эл аралык илимий-тажрыйбалык жыйындагы баяндамалардын жыйнагы.
– Бишкек.: 2014. –132-135 б.
18. Садырова З.Т. Өмүркул Караевди изилдөөлөрүндөгү байыркы түрк элдеринин тарыхынын тарыхнаамалык маселелери. [Текст] / З.Т.Садырова. // Манастан Чынгыз Айтматовго карай: проблемалар жана көз-караштар. эл-

аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. – Бишкек.: 2016. – Б. 342-344;
19. Садырова З.Т. Средневековая городская культура Кыргызстана по Великому Шелковому пути. [Текст] / З.Т.Садырова. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. №5. 2015. – Бишкек.: – С.
20. Садырова З.Т. Тюрко-согдийские отношения в период раннего средневековья в Кыргызстане. [Текст] / З.Т.Садырова. // Материалы Всероссийской научно-практической конференции с международным участием, посвященной юбилею видногообщественного и научного деятеля, профессора М.Кульшарипова. Актуальные истории этнологии, археологиии и культуры Башкортостана. – Уфа.: РИЦ. БашГу. 2016. – С. 291-300.
21. Садырова З.Т., Өмүрова Ж.О. В.Я.Бутанаевдин эмгектериндеги энесай кыргыздары менен теңир-тоо кыргыздарынын ортосундагы байланыштардын изилдениш тарыхынан. [Текст] / З.Т.Садырова. // Энесайлык данакер этнограф. Хакас элинин чыгаан этнографы, т.и.д., профессор В.Я.Бутанаевдин 70 жылдык маарекесине арналган жыйнак. – Бишкек.: 2016. – Б. 106-110.
22. Садырова З.Т. Түрк-согду этномаданий алакаларынын башаты. [Текст] / З.Т.Садырова. // Борбордук Азияны дүңгүрөткөн улутук боштондук көтөрүлүшкө 100 жыл. 1916-жылкы көтөрүлүштүн 100 жылдык маарекесине арналган илимий жыйындардын баяндамалары, макалалар, архивдик ж.б.маалыматтар. – Бишкек.: 2016. – Б. 316-321.
23. Садырова З.Т. Улуу Жибек жолундагы этномаданий процесстер. [Текст] / З.Т.Садырова. // Жусуп Баласагындын "Куттуу билими" -X-XI кк. Борбордук Азиядагы мусулмандык кайра жаралуунун күзгүсү. Жусуп Баласагындын 1000 жылдыгына арналган V «Кыргыз жана Карахандар каганаттары» эл аралык илимий- тажрыйбалык жыйындын материалдары. – Бишкек.: 2016. – Б. 239-244;
24. Садырова З.Т. Роль Великого Шелкового пути в этнокультурных процессах средневекового Кыргызстана. [Текст] / З.Т.Садырова. // Востоковедные исследования на Алтае. Выпуск XI. Издательство Алтайского государственного университета. Барнаул.: 2016. – С. 87-92.
25. Садырова З.Т. Түрк-согду этномаданий алакаларынын өнүгүшүндөгү Улуу Жибек жолунун ролу, отурукташкан жана көчмөн маданияттын жуурулушу [Текст] / З.Т.Садырова. // Актуальные научные исследования в современном мире.Выпуск 4(36) Часть 1.- Переяслав-Хмельницкий, 2018рель).– С . 63-69;
26. Садырова З.Т. Роль тюрко-согдийского синтеза в этнокультуре народов на путях Великого Шелкового пути. [Текст] / З.Т.Садырова. // Актуальные научные исследования в современном мире. Выпуск 6(38) Часть 2. -Переяслав-Хмельницкий, 2018 (июнь). – С. 33-39;

Садырова Замира Тентиевнанын **“VI-XII кк. Теңир-Тоо аймагында жашаган элдердин өз ара алакалары”** деген темадагы 07.00.02 –Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** Теңир-Тоо, түрк тилдүү калктар, этностук-маданият, этностук жүрүмдөр, түрк-согду синтези, Улуу жибек жолу, шаар маданияты.

**Изилдөөнүн объектиси:** – VI-XII кк. Теңир-Тоодо жашаган элдер: түрктөр, батыш түрктөр, согдулуктар (согдактар), түргөштөр, карлуктар, чигилдер, йагмалар, каңгылар, огуздар, басмылдар, отуз огландар, аздар, кыргыздар, аргулар, йабакулар.

**Изилдөөнүн предмети** – VI–XII кк. Теңир-Тоо аймагын байырлаган түрк тилдүү калктардын маданий мурастары, алардын өз ара тилдик, соода-экономикалык, диний, руханий алакалары, шаар жана көчмөн маданияттардын айкалышы.

**Изилдөөнүн максаты:** – VI–XII кк. Теңир-Тоодо жашаган ар кыл этностордон куралган калктардын ортосундагы этностук-маданий алакалардын деңгээлин, аталган доордогу этностук жүрүмдөрдүн баскычтарын, анын ичинде аймактагы түрк-согду жуурулушуусунун орто кылымдардагы этностук-маданий өнүгүүлөргө тийгизген таасирин атайын иликтөө.

**Изилдөө ишинин методологиялык негизин** атайын жана жалпы илимий ыкмаларынын жыйындысы түздү. Диссертациялык иштин изилдөө ыкмасы объективдүүлүк жана тарыхыйлык (историзм) принциптерине негизделген.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** Теңир-Тоо жана ага чектеш аймактардагы этностук жүрүмдөр, этномаданий байланыштарына байланышкан жазма булактар, илимий эмгектер системалаштырылып, аларга булак таануу, тарыхнаамалык анализ берилди. Борбор Азия, Теңир-Тоо жана ага чектешкен аймактардагы этникалык кырдаал жана анын эволюциясы тарыхый, археологиялык булактардын жана соңку илимий маалыматтардын негизинде изилденди; түрк-согду мамилелерине Теңир-Тоодогу саясий, социалдык-экономикалык, этностук-маданий жүрүмдөрдүн мүнөзүн аныктап туруучу фактор катары баа берилди. Көчмөн калктардын жашоосундагы Улуу жибек жолунун, шаар маданиятынын тийгизген таасири аныкталды.

**Изилдөөнүн теориялык-практикалык мааниси:**. Диссертациядагы камтылган илимий жоболор менен изилдөө жыйынтыктарын Кыргызстандын тарыхынын алкагына кирген эрте орто кылымдагы этностук-маданий тарыхты жазууда, ЖОЖдордогу Ата Мекен тарыхынын жана кыргыз улутунун этногенезинин эрте орто кылымдарга тиешелүү бөлүгүнө дарстык жана башка колдонмо материалды түзүүдө, ЖОЖдор үчүн атайын курстарды даярдоодо, окуу куралдарын, окуу-методикалык колдонмолорду чыгарууда кеңири колдонууга болот.

## РЕЗЮМЕ

диссертации Садыровой Замиры Тентиевны на тему: **“Взаимоотношения народов населявших территорию Тенгир-Тоо (Притяньшанье) в VI-XII вв.”** на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02 – Отечественная история

**Ключевые слова:** Тенгир-Тоо, тюркоязычные народы, этническая культура, этнические процессы, тюрко-согдийский синтез, Великий Шелковый путь, городская культура.

**Объект исследования:** – Народы, населявшие в VI-XII вв. территорию Тенгир-Тоо: тюрки, западные тюрки, согдийцы (согдаки), тюргеши, карлуки, чигили, йагма, кангы, огузы, басмылы, отуз огланы, азы, кыргызы, аргулы, йабаку.

**Предмет исследования: -** культурное наследие тюркоязычных народов, населявших территорию Тенгир-Тоо в VI–XII вв., их языковые, торгово-экономические, религиозные, духовные взаимоотношения, сочетание городской и кочевой культур.

**Цель исследования:** – Специальное исследование уровня этническо-культурных взаимоотношений между народами, образованных из разных этносов, населявших территорию Тенгир-Тоо в VI–XII вв**.**, этапы этнических процессов в выше названный период, в т.ч. влияние тюрко-согдийской интеграции в регионе на этническо-культурное развитие в средние века.

**Методологическую основу исследовательской работы** составила совокупность специальных и общенаучных методов. Исследовательский метод диссертационной работы основан на принципах объективизма и историзма.

**Научная новизна исследования:** Были систематизированы письменные источники, научные труды, связанные с этническими процессами, этнокультурными отношениями в Тенгир-Тоо и его приграничных районах, им даны источниковедческий и историографический анализы. Этническая ситуация в Центральной Азии, Тенгир-Тоо и в его приграничных районах, его эволюция были исследованы на основе исторических, археологических источников и научных сведений последних лет; была дана оценка тюрко-согдийским отношениям как фактору, определяющему характер политических, социально-экономических, этническо-культурных процессов в Тенгир-Тоо. Было определено влияние Великого Шелкового пути и городской культуры на жизнь кочевых народов.

**Теоретико-практическое значение исследования:** Научные положения и выводы диссертации могут быть широко использованы в написании этническо-культурной истории раннего средневековья, входящей в курс “История Кыргызстана”, в составлении лекционных и других методических материалов по истории Отечества и по истории этногенеза кыргызского народа в раннее средневековье, в подготовке спецкурсов для ВУЗов, в разработке учебных и учебно-методических пособий.

## SUMMARY

Sadyrova Zamira Tentievna's dissertations on the topic: **"Relations between the peoples inhabiting the territory of Tengir-Too (at Tianshan) in the VI-XII centuries."** for the degree of candidate of historical sciences by specialty 07.00.02 – National history

**Keywords:** Tengir-Too, Turkic peoples, ethnic culture, ethnic processes, turkic-sogdian synthesis, the Great Silk Road, urban culture.

**Object of study**: - The peoples who inhabited the VI-XII centuries. Tengir-Too territory: turks, western turks, sogdians (Sogdakh), turgeshes, karluks, chigili, yagma, kangas, oguzes, basmyls, otuz oglans, basics, kyrgyz, arguls, yabaku.

**Subject of research: -** the cultural heritage of the Turkic-speaking peoples inhabiting the territory of Tengir-Too in the 6th – 12th centuries, their linguistic, trade-economic, religious, spiritual relationships, a combination of urban and nomadic cultures.

**The purpose of the study: -** A special study of the level of ethnic and cultural relations between peoples, formed from different ethnic groups that inhabited the territory of Tengir-Too in the 6th – 12th centuries, stages of ethnic processes in above mentioned period, including the influence of Turk-Sogd integration in the region on ethnic - cultural development in the Middle Ages.

**The methodological basis of research work** was a combination of special and general scientific methods. The research method of the thesis is based on the principles of objectivism and historicism.

**Scientific novelty of the research:** Written sources, scientific works were systematized related to ethnic processes, ethnocultural relations in Tengir-Too and its border areas , given source study and historiographical analyzes. The ethnic situation in Central Asia, Tengir-Too and in its border areas, its evolution were investigated on the basis of historical, archaeological sources and scientific information of recent years; An assessment was made of the Turkic-Sogdian relations as a factor determining the nature of the political, socio-economic, ethnic and cultural processes in Tengir-Too. The influence of the Great Silk Road and urban culture on the life of nomadic peoples was determined.

**Theoretical and practical significance of the research:** Scientific theses and conclusions of the thesis can be widely used in writing the ethnic-cultural history of the early Middle Ages, included in the course "History of Kyrgyzstan", in compiling lecture and other teaching materials on the National history and on the Kyrgyz people's history of the ethnogenesis in the early Middle Ages, in the preparation of special courses for universities, in developing of educational and teaching aids.